**10 класс Кыргыз адабияты**

**Iчейрек 2 вариант**

**1. Молдо Нияздын адабий мурасына тиешелүү канча кол китеби белгилүү,аныкта**

А)алты б)беш в)үч г)эки д)төрт

**2. Молдо Ниязды акын катарында илимге негиздүү түрдө биринчи ачкан окумуштуу ким?**

А)Ч.Айтматов б)А.Эркебаев в)Б.Юнусалиев г)С.Жигитов д)Э.Арабаев

**3.Молдо Нияздын адабий мурасын басмага даярдап,биринчи жарыялаган ким,белгиле?**

А)О.Сооронов в)О.Султанов в)Ч.Айтматов г)А.Эркебаев д)С.Жигитов

**4. " Чечен болду булбулу,Эшен болду күкүгү,**

**Кекилик ашкан жоргосу Сопу болду үкүсү.**

**Үпүп болду жолдошу Күйкө болду байбичеси,**

**Жөргөмүү иш болду жарчысы"бул саптар М.Кылычтын кайсы чыгармасынан?**

а)"Канаттуу " б)"Керме Тоо" в) "Чүй баяны" г) "Бүркүттүн тою" д) "Жинди суу"

**5.Кочкордун Бугучу деген жеринде көз жарган инсан ким, белгиле?**

а)Молдо Нияз б)Молдо Кылыч в)Тоголок Молдо г) Алдаш Молдо д)Жумамүдүн Молдо

**6.Навоинин ,Хавиздин чыгармаларын окуган, Казань шаарынан чыгып турган "Юлдуз" гезити менен тааныш болгон акынды белгиле.**

а)К.Баялинов б)Алдаш молдо в)Тоголок Молдо г)Молдо Нияз д)Молдо Кылыч

**7.Молдо Кылычтын биринчи китеби качан, кайда басылып чыккан?**

А)1910-ж., Ташкентте б)1911-ж.,Казань шаарында в)1912-ж.,Москва шаарында г)1915-ж., Алматыда д)1919-ж., Бишкек шаарында

**8.Молдо Кылычтын чыгармалары эмне үчүн "кара сандыкка" жабылган?**

а)жеке адамдарга арналгандыктан б)социалисттик саясатка туура келбегендиктен в)байлык издөөчүлүк идеясы үчүн г)маани-маңызы төмөндүгүнөн д)фантастикалык ойлор орун алгандыктан

**9.Молдо Кылычтын элдик сюжеттин негизинде кайра иштеп чыккан чыгармасын аныкта.**

А)"Чүй баяны" б)"Зилзала" в)"Буудайык" г)"Зар заман" д)"Бүркүттүн тою"

**10. Молдо Кылычтын"Буудайык" поэмасынын негизги проблемасы?**

а)нравалык б)социалдык в) таптык г) адам жана жаратылыш д)психологиялык

**11. "Зар заман", "Бүркүттүн тою" , "Буудайык" аттуу чыгармалар ким тарабынан жаралган?**

а) Токтогул б) Тоголок Молдо в) Молдо Кылыч г) Казыбек Мамбетимин уулу д) Барпы Алыкулов

**12.Байымбеттин көркөм сөз өнөрүнө, ырга көңүл бурушунда кимдин таасири бар?**

а)Коңурдун б) Молдо Нияздын в) теңтуштарынын г) Сагымбайдын д)Музоокенин

**13."Кемчонтой " поэмасынын негизги идеясы кайсы?**

а) тунук акыл-эсти даңазалоо б)бийликке умтулуу в) байлык издөө г) адамдарга ач көздүк

д)көрөалбастыкты ашкерелөө

**14.Тоголок Молдонун аллегорриялык формада жазылган чыгармасы эмне деп аталат?**

а) "Талым кыз менен Көбөктүн айтышы" б) "Кемчонтой" в) "Куштардын аңгемеси" г) "Жер жана анын балдары" д)"Кедейлерге насыят"

**15.Т.Молдонун "Куштардын аңгемеси" чыгармасында кайсы куштардын талашы жөнүндө айтылат?**

а) асман куштары б) суу куштары, боз куштары в) жырткыч куштары г) бардык куштары

**16."Дыйкандын аялынын кошогу","Гүлойрон" кимдин чыгармасы?**

а) Молдо Кылыч б) Тоголок Молдо в) Нур Молдо г) Алдаш Молдо

**17."Жер жана анын ..." деген чыгарманын атын толукта?**

а)ээси б)адамдары в) балдары г)токойлору

**18."Бөрү менен түлкү", "Эшек менен булбул","Каркыра менен түлкү" тамсилдерин ким жазган?**

а)Токтогул б)Барпы в) Молдо Кылыч г) Тоголок Молдо д)Жоомарт

**19."Гүл ойрон" деген кошокту кимге таандык дейбиз?**

а)Токтогул б)Молдо Кылыч в) ,Тоголок Молдо г) Казыбек Мамбетимин уулу д)Барпы Алыкулов

**20."Тарых кыргыз Шабдания" эмгегинин автору ким?**

а)Б.Солтоноев б)Молдо Нияз в) Тоголок Молдо г)О.Сыдыков д)Молдо Кылыч

**21. Осмонаалы Сыдык уулу кайсы тарыхый адам жөнүндө жазган?**

а)Балбай б)Байтик в)Шабдан г)Кыдыр аке

**22."Кызыл кыргыз тарыхы" аттуу эмгектин автору ким?**

а)О.Сыдыков б)Молдо Нияз в)Б.Солтоноев г)И.Арабаев д)Тоголок Молдо

**23. Кыргыз элине кырк жылдык өмүр сарп кылынган 616 беттен турган, албан эмгек тартууланды, ал кандай аталат, автору ким?**

а)"Кызыл кыргыз тарыхы",Б.Солтоноев б)"Тарых кыргыз Шабдания",О.Сыдыков в) "Мухтасар тарых Кыргызыя", О.Сыдыков г)"Кыргыздар",В.В.Бартольд д)"Кыргыздар" К.Жусупов

**24.Казыбектин адабий мурасын жазып топтоп, бүгүнкү күнгө жеткирген ким, белгиле.**

а)Тоголок Молдо б)Ш.Бейшеналиев в) К.Жусупов г)Исабек Болотбек д)Иманалиев Киреше

**25."Кыз Мактымдын арманы" кайсы акынга таандык?**

а) Молдо Кылыч б) Тоголок Молдо в) Токтогул г) Осмонкул д) Барпы